1239

Инв. 265

Инв. № 1239
ФАН СССР гор. Фрунзе

1239

# ДЕЛО №

Калык Акиев

Токтогул жөнүндө

1. Токтогулдун Тургумбай менен торгою.
2. Токтогулдун ак-куу аткан мергени.
3. Токтогулдун короо кайтарган кыз-келин туралуу кулдургулуу сөздөрүнөн.

28/II 49 г.

## ТОКТОГУЛ ЖӨНҮНДӨ

### Токтогулдун турумтай менен торгою.

Тоонун торгою, бөксөнүн торгою жана Чөлдүн торгою. Бул үч торгой жеңишип жатат. Тоо жеринин кары кете элек маалы. Бөксө жерлери ала шалбырт болуп кары кете баштап калган кези. Жака жерлеринин кары кетип күн ысып көк чыгып күлдөр ачылып калган мезгили болгон. Ошондо тоонун торгою көкөлөп уча албай учса кайта жерге түшө албай жеңилди. Бөксөнүн торгою канатын күнгө кактай албай сайраган менен тилин тактай албай жүдөп турган кези. Ошондо чөлдүн торгою, тоо торгою менен бөксөнүнүн жеңдим деп өзүнчө сайрап турганы:

Тоо торгоюн сайратпай,
Тоголотуп мен жыктым.
Бөксө тоонун торгоюн,
Ал экөөнү тең жыктым.
Мелдеш алып сайраган,
Мен акыны чымчыктын.

x x

Эки торгой эр болсоң,
Эми мага унчуккун.
Эки торгой эр болсоң,
Эми мага унчуккун.

x x

Эндим торгой кантесиң,
Жеңдим торгой кантесиң.
Жыктым торгой кантесиң,
Экөөңөн тең жарыштан,
Чыктым торгой кантесиң.

деп чөлдүн торгою сайрап бозоргон талга конуп отурду эле. Бөксөнүн куу турумтайы кечки чабытта жем тапбай келе жатат эле, торгой турумтайды көрө коюп жатып калды. Турумтайдагы торгойду көрө коюп, зып этип илип кетти. Ошондо турумтайга жалынып торгойдун айтканы:

Айланайын турумтай,
Алдың, кетти бизден шай.
Аман койсоң, турумтай,
Ачка койбос бир кудай.

Бетегенин түбүнө
Безбелдек уя салбасын.
Айланайын турумтай,
Беш балам жетим калбасын.

—

Кагылайын турумтай,
Кайта бошот курутпай.
Карыныңды ач койбос,
Кагылайын бир кудай
Бөбө турумтай
Куку турумтай.

Карагандын түбүнө
Кашкалдак уя салбасын.
Кагылайын турумтай,
Төрт балам жетим калбасын
Бөбө турумтай
Куку турумтай—

деп байкуш торгой турумтайга жаны калбай жалынып жатат. Ач турумтай торгойдун төш этинен бир сугунуп эки чеңгелде деп мыткып койду эле, байкуш торгой өлөр-өлбөс жаны менен, аз калган алы менен көзүн аңтарылтып, оозун ачып дагы эле турумтайга жалынып жатат эле. Жанында кой кайтарган бир койчу турумтай торгойду алганын көрүп калган экен. Ажыратып ийейин деп жүгүрүп жетип, таяк менен урду эле, турумтай уча качты. Ошондо дале көзүн ачшыңдатып торгой жалынып жатат. Эс ала түшүп, койчуну көрө коюп, торгой уча качты. Үстүндө айланып турган турумтай баягы торгойду кууп жеңеду, талпаңдап койчу да жеңеду. Торгой койчуга бааналап турумтайдан аман калгандагы койчуга жалынып жатканы.

3.

Тумшугунан кан тамган,
Турумтайга тутулдум.
Тытып иер кезинде,
Тырмагынан кутулдум.

—

Алым келбей алдырып,
Ач турумтайга тутулдум.
Апа-супа кыларда
Алкымынан кутулдум.

—

Койчу, келип куткардың,
Куу турумтай жегенде.
Чоң ыракмат айтамын
Койчу-малчы дегенге.

Айланайын оо койчу,
Куу турумтай ачка өлсүн.
Курсак чыңап сен тойчу.
Кагылайын оо койчу,
Кас турумтай ачка өлсүн,
Кардыңы чыңап сен тойчу!

—

Бала баврың көп болсун,
Барынын боосу бек болсун,
Узун өмүр көп жашап
Корооңо мал толсун.—

деп, койчуну алкап, турумтайды каргап, ажалдан аман калган экен.